Мен сени Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мени буйруган нерсеге буйруйунбу? Эстелик, сүрөттү көрсөң талкалап жок кыл, кабыр үстүнө коюлган нерсени көрсөң тегиздеп түздөгүн - деди

Абу ал-Хаййаж ал-Асадий айтат: Али бин Абу Талиб мага: Мен сени Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мени буйруган нерсеге буйруйунбу? Эстелик, сүрөттү көрсөң талкалап жок кыл, кабыр үстүнө коюлган нерсени көрсөң тегиздеп түздөгүн - деди.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларын эстеликтерди калтырбоого (жандуулардын сүрөтү, денеси болсо, болбосо айырмасы жок) талкалап же өчүрүп жоготууга жөнөтөт эле. Ошондой эле жерден бийик көтөрүлгөн кабырларды тегиздөөгө, кабыр үстүнө курулган нерселерди сындырууга, же аларды алып кабырдын үстүн тегиздеп, бир карыштай гана көтөрүп коюуга буйруган.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5934